КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ӨМҮРАЛИЕВ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ОМУРАЛИЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ

**Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын он алтынчы кезексиз кеңешмесинин токтому**

Манас айылы

2022-жылдын 15-июль № 54

**Өмүралиев айыл аймагындагы (1942-жылкы координаттар системасы –СК-42) №336,339 чөйрө сызыгындагы 1,60га жер аянтын таштанды таштоочу полигонго которууга (трансформация кылууга) макулдук берүү жөнүндө**

Өмүралиев айыл аймагындагы жашоочулардын катуу калдыктарын,таштандыларды таштоо үчүн жер аянты жок болгондугуна байланыштуу, Өмүралиев айыл аймагындагы (1942-жылкы координаттар системасы –СК-42) менен аныкталган №336,339 чөйрө сызыгындагы 1,60га жер аянтын катуу калдыктарын,таштандысын таштоочу полигонго которууга (трансформация) айыл өкмөт башчысынын кайрылуусун жана Кыргыз Республикасынын өнөр жай,энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 2021-жылдын 14-сентябрындагы №02-6/10292 катындагы корутундусун , Кыргыз Республикасынын маданият,маалымат,спорт жана жаштар саясаты министрлигинин 2021-жылдын 19-октябрындагы №04-3/5093 корутундусун карап чыгып, Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын он алтынчы кезексиз кеңешмеси **токтом кылат:**

1. Өмүралиев айыл аймагындагы жашоочулардын катуу калдыктарын,таштандыларды таштоо үчүн жер аянты жок болгондугуна байланыштуу, Өмүралиев айыл аймагындагы (1942-жылкы координаттар системасы –СК-42) менен аныкталган №336,339 чөйрө сызыгындагы 1,60га запастагы жерлер категориясындагы жайыт жер, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу жобонун негизинде өнөр жайынын, транспорттун,байланышты, энергетиканын коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына (катуу калдыктарын таштандысын таштоочу полигонго) которууга (трансформация кылууга) макулдук берилсин.
2. Көрсөтүлгөн жер аянтын котрууга тиешелүү иш алып баруу жагы Өмүралиев айыл өкмөтүнүн башчысы А.Кубанычбековко милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы өзүмө калтырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **М.Дөөлоталиев**